Кара-Дөбө негизги мектеби

# Директор алдындагы кенештин анализи

## Директор алдындагы кеңештин алдында өткөрүлгөн жыйындардын анализи.

Өткөн окуу жылында директор алдындагы кеңешме талаптагыдай өтүп жатты. Анда мерчемделген бардык маселелер каралды. Директор алдындагы кеңешменин бардык отурумдарынын иш жазуулары бар.

Сентябрь айында өткөрүлгөн директордун алдындагы кеңешмеде мектептеги окуучулардын келим-кетимдердин тактоо иштери болду. Окуучулардын окуу китептери менен камсыз болушу боюнча мектептин китепканачысы Пузулева Патма билдирүү жасап, андагы жетишпеген китептер боюнча районго маалымат берилди. Абдышүкүровна Мамлекеттик Тил Күнүнө карата кыргыз тилчилердин декадасы өткөрүлдү жана андагы алгылыктуу иштер белгиленди. Усулдук кеңештин иш планы каралды. Мектептин ички иштөө тартибин жана окуучулардын тамактануусун уюштуруу иштери болду.

Октябрь айында өткөрүлгөн директордун алдындагы кеңешмеде башталгыч класстарды окуу процессинин жүргүзүлүш сапаты көзөмөлгө коюлду. Мектеп ичинде тарбиялоого оор окуучуларга жекече тарбиялачыларды бекитүү иштери жүргүзүлдү. Педагогикалык усулдук иштеринин уюштурулушу, жүргүзүлүшү жана кышка кандай даярдыктар болгондугу тууралуу сөз болду. Жаш адистерге насаатчылар бекитилген, алардын иштерине көзөмөлдүк кандай жүргүзүлүп жаткандыгы тууралуу талкуу болду.

Ноябрь айындагы өткөрүлгөн директордун алдындагы кеңешмеде кыргыз тили мугалими Джаманкулова Алтынай Жолдошбековна жана англис тили мугалими Пузулуева Патма Абдышүкүровна сабактарынын өтүлүш абалы каралды, сунуштар, ой-пикирлер айтылды. Райондук олимпиадада жакшы ийгиликтерди жаратып, алдыңкы орундарга жетишүү жагы предметтик мугалимдерге милдеттендирилди. Зирек балдар менен иштөөдө мугалимдер кошумча сааттарды өтүү жагы эскертилди.

Декабрь айындагы өткөрүлгөн директордун алдындагы кеңешмеде география, физика сабактарынын берилиши боюнча тест, срездер алынып, жыйынтыгында жогорудагы предметтердин өтүлүш абалы канааттандыраарлык деп табылды. Райондук олимпиадага жана тесттерге даярдануунун жыйынтыгы чыгып, көрсөткүч болбогон предметтик мугалимдерге эскертүүлөр айтылды. Башталгыч класстардын окуу техникасына көзөмөлдөө иштери жүргүзүлдү.

Январь айындагы өткөрүлгөн директордун алдындагы кеңешмеде математика, тарых сабактарынын өтүлүшү жана физика сабактарында лабораториялык иштердин аткарылышына көзөмөлдүк болду. Ошондой эле дептерлердин, күндөлүктөрдүн кармалыш абалы жана ортоңку звенонун окуу техникасынын абалы жөнүндө сөз болду.

Февраль айындагы өткөрүлгөн директордун алдындагы кеңешмеде химия сабагынын, орус тили сабагынын өтүлүшүндө окуучулардын билим сапатынын абалы каралды. Мугалимдер Кулназарова Жыпар Жакшынбековна, Кожонтаева Кулира Иманбекова - бул мугалимдердин иштери жакшы, талапка туура келет. Класс жетекчилердин, окуучулардын өздүк иштери менен иштөө тууралуу анализдөө болду. Мектеп алкагында «Жылдын мугалими» сынагы өткөрүлүп, жеңүүчү деп орус тил сабагынын мугалими Кожонтаева Кулира Иманбекова табылып, райондук деңгээлде өтүлүүчү сынакка жолдомо алды. Райондук сынакта үчүнчү орунга татыктуу болду.

Март айындагы өткөрүлгөн директордун алдындагы кеңешмеде биология, аскерге чейинки даярдык сабактарынын абалы жана химия, физика жана кол эмгек сабактарында коопсуздук эрежелеринин аткарылышы жөнүндө талкуу болду. Класстык журналдардын толтурулуш абалы көзөмөлдөнүп, канааттандырарлык деп табылды.

Апрель айындагы өткөрүлгөн директордун алдындагы кеңешмеде кол эмгек, технология, дене тарбия сабактарынын өтүлүш сапаты, 9-11-класстарда окуу техникасынын, жүргүзүлгөн иш кагаздарынынабалы жана өрт коопсуздугу, санитардык тазалык, айлана чөйрөнү жашылдандыруу, жолдо жүрүү коопсуздугу жана башка иш-чаралардын аткарылышы тууралуу сунуштар, ой-пикирлер айтылды.

Май айындагы өткөрүлгөн директордун алдындагы кеңешмеде жалпы класстар боюнча окуучулардын билим сапатынын жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияларга даярдык иштери тууралуу болду. Кийинки окуу жылына келечектүү өсүштү пландоо жөнүндө талкуу болду.